Нишанбаева М.А.

# БАЛДАРДЫ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООНУН МОРАЛДЫК БААЛУУЛУКТАРЫ

Нишанбаева М.А.

# МОРАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ ДЕТЕЙ

Nishanbaeva M.

# MORAL VALUES OF MORAL EDUCATION OF CHILDREN

УДК: 37.034

Бул макалада балдарды адептүүлүккө тарбиялоодогу моралдаык баалуулуктар камтылган. Адам, тарбия, табият, дүйнө, аалам-ажырагыс бир бүтүн нерсе болгондуктан тарбияны таанып билүү адамзаттын улуу милдети экендиги тастыкталып олтурат. Ар бир улуттун, элдин туу туткан, алмусдактан бери аздектеп келе жаткан моралдык баалуулуктары тарбиясы камтылган. Балдарды тарбиялоодо элибизге тиешелүү баалуулуктар адептүүлүктун көрөңгөсү катары белгиленген. Балдарды чынчылдыкка, адептүүлүккө, ыймандуулукка, тарбиялоо элибиздин көөнөрбөс дөөлөттөрү, моралдык баалуулуктар тууралуу түшүндүрмө берет. Адептүүлүккө тарбиялоо менен балдарды эрктүүлүккө тарбиялоо, гумандуулук аракеттерин калыптандырууга болот. Адамдын жашоосундагы эң жогорку деңгээлдеги баалуулуктарды балдардын аң-сезимине сиңирүү адептик тарбиянын маанисин түшүнүп анын эрежелери колдонулат. Адептүүлүк баалуулуктар моралдык, социалдык, маданият катары мүнөздөлгөн. Баланын адептүүлүгүн анын жүрүм-турумунан, жашоого болгон көз карашынан байкоого болот. Ар бир бала адептик жана моралдык баалуулуктарга муктаж. Анткени бүгүнкү күндө адептик тарбия берүү жагынан көңүл буруу жана адептүүлүк нормаларды аткарууга тийиш экенин билүү эң күчтүү каражат жана тарбиялоонун баалуулуктары. Баланын адептик аң-сезимине таасирин тийгизген тарбиянын баалуулуктары жана моралдык көз карашы калыптануусу негизги орунда турат. Баланын ар тараптуу өсүп өнүгүүсүндө адептик тарбия берүү өзгөчө бааланат. Моралдык баалуулуктардын нормасы бул балдардын коомдогу ордун, таанып билүү жөндөмү, намыстуулугу, айкөлдүгү, адилеттүүлүк түшүнүктөрдү камтыйт. Адептик тарбия менен моралдык тарбия тыгыз байланышта болушат. Бирок эки башка түшүнүк берет. Моралдык баалуулуктар коомдогу аң-сезимдин нормасы жана жүрүм-турумду жөнгө салуучу норма. Адептик тарбия берүү тармагында моралдык баалуулуктардын өзгөчө орду бар. Балдар менен сүйлөшүү алардын жан-дүйнөсүдөгү көйгөйлөрдү чечүүгө көмөк көрсөтүү адептик тарбия берүүнүн зарылдыгы. Балдарды достукка, биримдикке бири-бирин түшүнүү менен мамиле түзүүгө тарбиялоо каражаттары моралдык баалуулуктар менен тыгыз байланышта болот.

Негизги сөздөр: баалуулук, тарбия, адептүүлүк, мораль, жүрүм-турум, байланыш, балдар, мүнөз, маданият, аң-сезим.

В данной статье собраны моральные ценности воспитания детей нравственности. Человек, образование, природа, мир, вселенная – неразделимое целое, поэтому подтверждается, что познание образования – великая задача человечества. Включены моральные ценности каждой нации и народа, которые бережно хранились с незапамятных времен. В воспитании детей ценности нашего народа закладываются как проявление нравственности. Воспитание детей честными, вежливыми и верными объяснит неисчерпаемые ценности и моральные ценности нашего народа. Воспитать детей волевыми, сформировать гуманные поступки можно, воспитывая их манерами. Понимая важность нравственного воспитания, прививания в сознание детей высшего уровня ценностей человеческой жизни, применяются его правила. Этические ценности характеризуются как моральные, социальные, культурные. За манерами ребенка можно наблюдать по его поведению и взглядам на жизнь. Каждому ребенку необходимы морально-этические ценности. Потому что сегодня важно уделять внимание нравственному воспитанию и знать, что нравственности следует следовать, являются самыми мощными средствами и ценностями воспитания. Первостепенное значение имеет формирование образовательных ценностей и нравственной точки зрения, влияющих на нравственное сознание ребенка. Нравственное воспитание особенно ценится во всестороннем росте и развитии ребенка. В норму нравственных ценностей входят понятия о месте детей в обществе, познавательных способностях, чести, щедрости и справедливости. Нравственное воспитание и моральное воспитание тесно связаны между собой. Но это две разные концепции. Нравственные ценности – это норма сознания в обществе и норма регулирующая поведение. Моральные ценности занимают особое место в сфере нравственного воспитания. Общение с

детьми, помощь в решении проблем в их жизни, необходимость нравственного воспитания. Средства воспитания детей к дружбе, единению и взаимопониманию тесно связаны с нравственными ценностями.

Ключевые слова: ценность, воспитание, порядочность, мораль, поведение, общение, дети, характер, культура, сознание.

This article collects the moral values of raising children to be moral. Man, education, nature, the world, the universe are an indivisible whole, therefore it is confirmed that the knowledge of education is the great task of humanity. Included are the moral values of every nation and people, which have been carefully preserved since time immemorial. In raising children, the values of our people are laid down as a manifestation of morality. Raising children to be honest, polite and faithful will explain the inexhaustible values and moral values of our people. You can raise children to be strong-willed and to form humane actions by raising them with manners. Understanding the importance of moral education, instilling in the consciousness of children the highest level of values of human life, its rules are applied. Ethical values are characterized as moral, social, cultural. A child's manners can be observed by his behavior and outlook on life. Every child needs moral and ethical values. Because today it is important to pay attention to moral education and knowing that morality should be followed are the most powerful means and values of education. Of primary importance is the formation of educational values and moral point of view that influence the moral consciousness of the child. Moral education is especially valued in the all-round growth and development of a child. The norm of moral values includes concepts about the place of children in society, cognitive abilities, honor, generosity and justice. Moral education and moral education are closely related. But these are two different concepts. Moral values are the norm of consciousness in society and the norm regulating behavior. Moral values occupy a special place in the field of moral education. Communication with children, help in solving problems in their lives, the need for moral education. The means of educating children for friendship, unity and mutual understanding are closely related to moral values.

Key words: value, upbringing, decency, morality, behavior, communication, children, character, culture, consciousness.

Адептик тарбия балдарды кичи пейил болууга моралдык баалуулуктарды сактап, талаптарын аткарып жашоого үйрөтүү негизги маселе деп эсептешкен. Баланын өзүн алып жүрүү жөрөлгөлөрү адептик нормалары негизги орунда турат. Узак убакыт бою жүрүм-турумдун нормаларын болуп өткөн окуяны түшүндүрүү аракетин көп жасагандыгын айтып келишкен. Бул теория баланы адептүү болуу ынанымдарын, калыптандыруу менен жүрүм-туруму, ар намысы бардык жасаган иштеринен бийик деңгээлдерди багындыра тургандыгын билдирет. Адамдык ички туюму өзүнүн адептик тарбиясына жараша өнүгөт. Бардык жасаган иштерди ички туюму, сезими менен кабыл алынат жана аны угуп ошол аркылуу адептик билим берүү тармагында чоң ийгиликтерди жаратып, тарбиянын баалуулуктарынын сезип жашоосу негиздүү экендигине ынанып, жакшы ой-пикирлер жаралат. Моралдык тарбиянын баалуулуктарын анын теориялык жактарын жайылтуу максатында адептик тарбиянын бийик даражасын аныктаган. Балдардын денесинин табигый өсүп өнүгүүсү дене тарбиясын баалуулуктары моралдык чөйрө менен тыгыз байланышта. Адамдын адептик руханий азыгы, ички көрөңгөсү бай болгондо гана өзүнүн жасаган иштерине баа берип, чөйрөнү жакшы өздөштүрүүгө өзгөчө салым кошуп аны жайылтууга болот деп ишенүүгө болот. Балдардын руханий көз карашы алардын жоопкерчилиги коомго болгон көз карашы адептик тарбия берүүдө маанисин жоготпой келет. Балдарга ашыкча талап коюу, жүйөөлүү себепсиз ур-токмокко алган учурда адептик тарбиянын таасирдүү болбой калышы мүмкүн. Ошол үчүн балдардын өз идеяларын ачык-айкын айтууга жана өз максаттарын ишке ашыруу жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга багытталган иштерди жасап үйрөнүүгө тарбиялайт. Моралдык идеясынын көрөңгөсү бул билим берүүнүн маанисин, тарбиянын жаңы ыкмаларын үйрөнүүгө багыт берет. Баланы адептик тарбия аркылуу эрктүүлүккө тарбиялайт. Дене тарбиясы аркылуу мекенди сүйүүгө, эли-жердин кадырын бийик экенин баса белгилөөгө үйрөнөт. Балдар өзүнүн таануу чөйрөсүнө кызыгуу, өзүнө ишенүү мүмкүнчүлүгүн пайда болушуна алып келет.

Балага толук кандуу мээрим төгүү аны менен жакындан баарлашуу адеп-ахлак тарбиянын көрөңгөсү. Балдарга насаат сөздөрдү айтуу өз орду, чеги менен болгону ыңгайлуу жыйынтык берет. Бала тарбияны, адеп-ахлактык үлгүлөрүн ата-эненелерден, коомдон, чөйрөдөн алгандыгына байланыштуу тарбиянын үлгүлөрүн тарбияга жооптуу кызматкерлерден ата-энелерден алышат. Адептик тарбия адамзаттын рухий дөөлөттөрүнүн калыптануусуна, моралдык баалуулуктардын сакталышына таасирдүүлүгүн тийгизет. Адеп-ахлак тарбиясы рухий ыйык дөөлөттөрдүн баалуу каражаты катары колдонуп келиши моралдык аң-сезимдин көрөңгөсү. Моралдык баалуулуктарын адеп тарбиянын башаты калыптанып, анын активдүү формасы адептин натыйжалуу болушуна алып келет. Адептик таалим тарбия улуттун нарк-насилдер элибиздин маданиятын өнүктүрүүгө көмөктөш болот. Улуу

муундар балдардын көз карашын, айткан сөздөрүн эске алып алардын жан-дүйнөсүн түшүнүүгө аракеттенип, жакындан колдоо көрсөтүүгө тийиш экендигин эскертишкен [1,3].

Адамдагы адептик баалуулуктарды аң-сезимине сиңирип бири-бирине жакын мамиледе болуу жакшы жөрөлгөлөр катары эсептеп тарбиянын сапаттуу жактарына көп көңүл бөлүшкөн. Адептик тарбия берүү менен айкөлдүк, кечиримдүүлүк, боорукерлик сапаттарынын өз нугунда өнүгүүсүнө салым кошкон. Эзелтеден адептик тарбия, рухий дөөлөттөр жашоонун баалуу каражаты катары бааланган. Адам өмүр бою тарбиялануута муктаж, адеп, ахлак тарбиясынын негизинде көз карашы, дүйнө таанымы бир өзгөчөлүктү билдирген эске алууга болот. «Ата салтын сактаган, эне адебин барктаган» адамдар гана өзүнүн жеке жашоосунда адептик тарбиянын баалуулуктарын колдонуп, ага аяр мамиле жасоого ынтызар экенин билүүгө тийиш экендигин айтып келишкен. Балдардын көп иш-аракети түшүнө билүүсү моралдык чөйрөнүн тийгизген таасири өзгөчө орунда турат. Көп убакыт эле балдар бири-бири менен достукту бийик баалап, жакындан жардам берип колдоосу тарбия менен тыгыз байланышта. Адептүү болуу жашоонун азыгы деп айтылган сөздөрдүн бири бул моралдык баалуулуктар экенине ынанабыз. Адептик көз карашы өсүп-өнүгүп гумандуу болуу адамзаттын тарыхында бизге чейин эле колдонулуп келет. Адеп тарбия моралдык баалуулуктар аркылуу адамдар бири-бирине жакындан жардам берип, түшүнүү менен кабыл алып келишкен. Адептүүлүк адамдын жасаган мамилесинен, көз карашынан иш-аракетинен байкалат. «Адам көркү адеп» деген сөздөрдү тарбия берүү жаатында көп колдонобуз. Андыктан баланын тарбиясы ишенимдүү болушуна бала менен тыгыз мамилесине жараша болот. Балдардын ишенимин эч качан жоготпоңуз. Моралдык жактан күчтүү болгондо гана кабыл алынган чечимдердин ийгиликтүү болушуна алып келет. Ар бир тарбия боюнча кабыл алынган чечимдерге балдарды дагы кошуп алардын ой-пикирин эске алуу туура жолду тандоого шарт түзөт.

Бала тарбиялоонун ыкмаларына таянып бала тарбиясынын материалдык жана моралдык баалуулуктар аркылуу өнүгүүсүн эске алуу зарыл экендигин баса белгилөөгө болот. Бала тарбиялоого байланыштуу адептүүлүк тарбиянын жаңы ыкмаларын пайдалануу тарбиянын акыркы үлгүлөрү катары бааланган. Адептик тарбия берүүнүн өнүгүүлөрү татыктуу тарбияны камсыздайт. Ар бир баланын өзгөчө бир дүйнөсү бар анын дүйнөсүнө кирип жакшы тарбия берүү адептик тарбиянын күчтүү каражаты катары бааланат. Балдарды моралдык жактан колдоп терс көрүнүштөрдөн оолак болууга тарбиялоо байланышкан бардык эрежелерди сактоо тарбиянын ийгиликтүү болушун камсыздайт. Балага адептик тарбия берүү азыркы учурда эң маанилүү экенин айтууга болот. Дагы эң маанилүү катары баланын сүйүүсү ага жетиштүү көңүл бөлүү тарбиянын жогорку деңгээли экенинен кабар берип турат.

Адептик тарбия берүүдө баланын тандоосун жана жасаган аракетин эске алуу баалоо көп мүмкүнчүлүк жаратат. Баланын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү дене тарбиясы бүгүнкү күндүн маанилүү маселеси экенин белгилешти. Адамзат кандай мезгилде жашап, кандай кырдаалда болсо дагы адеп-ахлакты сактап, тарбиянын көрөңгөсүн бийик кармап келишкен. Бүгүнкү күндө баланын руханий көрөңгөсү адеп-ахлак, дене маданияты тарбиянын жогорку деңгээлин камсыздайт. Адептик тарбия берүү менен баланын өнүккөн көз карашынын, акыл-эсинин өнүгүүсүнө алып келет.

Адептүүлүк тарбия берүүнүн негизинде туруктуулук, жогорку акыл ар намыс дүйнөдөгү көз карашын өзгөртөт. Адептик тарбия берүү моралдык баалуулуктардын колдонуу эрежелери жана сергек жашоого тарбиялоо. Адеп жана руханий дөөлөттү көтөрүү моралдык баалуулуктарды сакталышына алып келет. Адептик тарбия берүү материалдык жана моралдык жактан аң-сезимди байытуу тарбиянын бийик даражасы.

Бала бакчадан баштап адеп-ахлак тарбия берүүнү жандандыруу туура тарбиянын башаты катары бааланат. Албетте баланын дени сак болуп чоңоюп өсүп-өнүгүүсү руханий адеп ахлак тарбиянын талаптарынын бири катары бааланат. Морал коом тарабынан бекитилген жүрүм-турумдун эрежелери катары бааланат жана жүрүм-турумдун нормаларын жөнгө салат. Ошол учурда ар бир бала өзүнүн адептик билими аркылуу өзүн алып жүрүүсү адам үчүн керектүү нормаларды сактай билүүсү зарыл деп эсептейт. Ал эми бала үчүн адептик билим берүү менен тарбиянын ортосундагы ажырымды жеңе билүү тарбиянын балуулуктары менен жөнгө салынат. Көпчүлүк учурда адептик тарбия менен билим берүү чөйрөсүндөгү байланыштар туура болбой калган учурлар кездешет. Бул руханий, моралдык жактан өнүгүүсүнө терс көрүнүштөрдү алып келиши күтүлөт. Ошол үчүн баланын жаш курагынан баштап эле адептик баалуулуктардын өзөгүн түзгөн тарбияны туура жолго коюу талаптары негиздүү деп белгиленген [4].

Адамдын жашоосундагы туруктуулук, чечкиндүүлүк дагы көп ийгиликтердин башаты катары бааланат. Балдарга насаат сөздөрдү айтуу, элдик каада-салт жөнүндө түшүндүрмө берүү адептик тарбиянын таасиринин өзгөчөлүгү деп бааланат. Элибизде ата-бабалардын мурас катары калтырган накыл сөздөрү көөнөрбөс дөөлөттөрү адептик тарбиянын натыйжасы.

Коомдогу адеп-ахлак баалуулуктарынын принциптери баланын тарбиясы коомдогу болуп жаткан окуяларга байланыштуу. Коомдогу саясий социалдык экономикалык абал баланын адептик тарбиясына, коомго болгон көз карашына сөзсүз түрдө таасирин тийгизет. Бала ата-энесин сыйлоого милдеттүү экенин билүүгө тарбиялоо өзүнүн жасаган иштерине көзөмөл жүргүзүү көнүмдөрүн бийик деңгээлин жогорулатуу боюнча иш аракет жасоо зарыл көрүнүштүн бири экенин айтууга болот. Адептик баалуулуктар бул жөнөкөйлүк, адамгерчилик, чыдамкайлык, кайрымдуулук адамдагы асыл сапаттар. Мындай сапаттарды жашоонун өзөгү, тарбиядагы баалуу каражат катары бааланат. Адамдын жашоосундагы жеңил жана оор жагдайларды жеңе билүү дагы моралдык баалуулуктардын нормалары катары бааланат. Адамдын сабырдуулук мүнөздөрдүн бала тарбиялоодо өзгөчө орду бар деп эсептешкен. Элдик жөрөлгөлөр аркылуу балдардын маданияты асыл сезими коомдогу ордун толтурууга милдеттүү экенин билүүгө болот. Адамдарды моралдык баалуулуктарга үндөп таза коом түзүүгө активдүүлүгүн көрсөтүү жагы адептик тарбиянын таасири.

Коомдо өзүн алып жүрүү жөрөлгөлөрүн билүү улуу, кичүүгө туура мамиле жасоо эрежелери негизги орунда турат деп эсептеп келишкен. Коомдо, ар кандай коомдук жайларда, балдарды тартипти сактоого тарбиялоо коомдун зарыл талаптары. Балдарда да элпек, жапакеч касиеттер болушуна жол көрсөтүү, адептик тарбиянын эң туура жана мыкты экендигин тастыктайт. Балдар адептик тарбияны улуу муундардан,ата-бабалардан, алардын калтырып кеткен осуяттарынан, даанышмандардын акыл насааттарынан, ойчулдардын кеп-кеңештеринен көп таасирленет. Адептүүлүк тарбиясы балдардын эмгекке болгон жөндөмүн арттыруу менен алардын жоопкерчилигин камсыздайт. Балдардын сыр сактоо адебине көңүл бөлүү, алар өзүн тыкан, таза алып жүрүүгө тийиш экендигин айтуу менен алардын келечегине колдоо көрсөтүү адептүүлүктүн багыты. Адеп жана руханий, моралдык жактан өнүгүүсүнө салым кошуп, мекенди сүйүүгө эли-жерин коргоого багытталган тарбиянын ийгиликтүү болушунун сырлары. Баланын көркөм дүйнөгө болгон жөндөмүн арттыруу максатында моралдык жактан өнүгүүсүнө, сергек жашоосуна кубаныч тартуулайт. Адептүүлүк жана жамааттык байланыштар баланын ар тараптуу болуп өнүгүшүнө алып келет. Балдарга тарбия ирээтинде айтылган сөздү угуп, анын маанисине түшүнүп, сөз көтөрүмдүү болушу тарбиянын башаты [5,2].

Балдар адептик тарбияны эң алгач ата-эненелерден, коомдон, чөйрөдөн алышат. Ошол үчүн жаман, жакшыны айырмалоого тарбиялоо, тарбиянын көрсөтмөсү. Өзүбүз жашаган жердин ыйыктыгын билүү анын баалуулуктарын сактоо ар бир атуулдун ыйык парзы. Туулган жердин касиеттүүлүгүн сезе билүү мекенден алыста жүргөн мезгилдерде байкалат. Мекенге болгон кусалык ыйык сезим жана ага эч кандай баалуулуктарды салыштырууга болбойт. Адептик тарбиянын өзөгү баланын сылык-сыйчыл сапаттарынан башталат. Баланын сыйчыл мүнөздөрү, сылык касиеттери адептүүлүк тарбиянын өнүгүүсүнө карата өнүгөт. Ошол эле учурда сынды туура кабыл алуу, башкага сын айтуунун жол-жобосу тарбиянын салттуу бөлүгү. Сын аркылуу адам өзүн алып жүрүү чеберчилиги, руханий дүйнөсү калыптанып жөндөмгө жөрөлгөлөрү аткарылууда адептик тарбия негизги орунду ээлейт.

Адептик тарбия берүүдө руханий дөөлөттөр жашоонун жарыгы катары бааланып тарбиянын орчундуу экенинин белгиси. Адептик тарбия,моралдык баалуулуктар терс көрүнүштөрдөн оолак болууга тарбиялайт. Адамдын ички сыры, руханий моралдык баалуулуктары менен тыгыз байланышта. Адам жеке жашоосунда өзүн-өзү тарбиялоого аракеттенет жана башка бирөөнү жашоосуна кубаныч тартуулайт. Жашоодо жаркын маанай баланын адептик көз карашын өнүктүрүүгө багытталат. Адеп-ахлак кечиримдүүлүктүн айкөлдүктүн белгиси. Ошол үчүн ар кандай ишке кечиримдүү бол, кечире билген бул эң жакшы көрүнүш болгонун билебиз. Сенин эркин, кызыкчылыгын башка бирөөнүн тагдырына, жашоосуна таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан бардык ишке калыс карап, чындыкты даңазалап көрсөтүү баланын моралдык аң-сезимине таасир берет.

Ата-журттун ар-намысын бекем сактоо, ак кызмат кылуу адептүүлүктүн таасирдүүлүгү. Ата-журт үчүн эмгектенүү аны даңктоо, тынчтыгын камсыз кылуу адептүүлүк тарбияда негизги ролду ойнойт. Өз элиңдин салтын бил, нарктуулугун жоготпой сактап, барктап билүүгө тарбиялоо эң мыкты сапат. Урп-адат, каада-салт, ырым-жырымдарда элдин руханий көз карашы оң жактары келечекке умтулуусу келечек муундарга таалим-тарбиянын өрнөктүү экендигин айтууга болот. Балдар туура жол, адилеттүү акыйкаттын аныктамасынын түшүндүрмөсүнүн негизги маселеси. Чынчылдык – адамдын адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүү эң туура көрүнүш [3,6].

Адептик тарбиянын калыптанышы моралдын жоопкерчилиги тынчтыкка умтулган жакшылыкты сезе билгенде, ак ниеттүүлүк менен чын жүрөктөн жашоосунун маанисин түшүнүүгө аракет кыла билүү. Балдардын бактылуу болушун камсыздоого негизги иш-аракеттер катары бааланат. Үй-бүлөдөгү тарбия баланын рухий дүйнөсүнө тез таасир берет. Адептик тарбия берүүнүн шарттары, багыты өз деңгээлде жүргүүзү талаптары адеп-ахлактын үлгүлөрүн үйрөнөт. Моралдык баалуулуктар коомдук зарылчылык

талабын көрсөтүү өз алдынча ой-жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн аныктайт. Элибизде эзелтеден эле адеп-ахлак тарбиясына өзгөчө маани берип келишкен. Адам баласы табиятынан эле адептүү болуп калышы мүмкүн эмес деп эсептеген. Ошол себептен балдардын адептик тарбиясын туура жолго коюу аны көзөмөлдөө, өз убагында түзөтүү киргизүү адеп-ахлак тарбиясынын ыңгайлуу жактарын жайылтуу максатында жүргүзүлөт. Айрым учурда балдарга ашыкча эркиндик берүү, чектөөлөрдү киргизүү балдардын тарбиясынын натыйжалуу болушуна тоскоолдуктарды жаратат. Балдардын жасаган иш аракеттерине колдоо көрсөтүү жагы тарбиянын таасирдүүлүгү.

Элибиздин өзгөчө дагы бир асыл сапаттарынын бири меймандостук – мейман күтүү адеби. Эчен кылымдан бери мейман тосуу, аларга сый-урмат көрсөтүп уюткулуу элдин каада-салты, адеп-ахлактын бийик көрөңгөсү экенин тастыктаган. Үйгө келген конокторду кабыл алып сыйлап, эң жогорку сый көрсөтүлгөн. Мындай сый ар бир үйгө келген меймандарга карата көрсөтүлгөн сый деп эсептеп, меймандостуктун кадырын, баркын бийик деңгээлин көрсөтүшкөн. Конок кайсыл учурда кандай шартта келгенине карабай аларды конок катары сыйлап, сыйкерчилик менен мамиле жасап, ызаат-сый көрсөтүүгө аракет жасашкан. Мейман тосуу бул элибиздин руханий жактан өнүгүүсүнө салым кошот. Адеп-ахлак тарбиясын бийик даража катары баалашкан. Бирок адеп-ахлактын тарбиясы татаал жана көп кырдуу экенине карабастан ар кандай карама-каршылыктарды жеңе билүүгө тарбиялаган. Адеп-ахлак тарбиясы коомдун өзөгүн түзүп, адептүүлүктүн нормаларына ылайык жүргүзүлөт деп баалашкан.

Элдин көрөңгөлүү дөөлөттөрү “Адептүүлүк жан дүйнөнүн байлыгы” деп айтылган накыл кептердин чындыгы бар экенине ынанабыз. Албетте жан дүйнөсү жабыркап турган баланы түшүнүүгө болот. Ал коомго болгон көз карашы бир нукта болбой турган учурда адептик тарбиянын таасири алсыз болуп калышы мүмкүн. Ошол үчүн балдардын жашоосунда адеп-ахлак тарбиясынын өз орду бар. Аны баардык адамдар сезип балдарга туура жол көрсөтүү жагы ыңгайлуу экенин белгилеген.

Жаратман элибиз балдарды ден-соолугу чың жана сергек жашоого үндөгөн. Балдардын дене жагынан туура жетилүүсүн камсыз кылуу максатында жүргүзүлүүчү адеп тарбиясынын негизги бөлүгү. Дене тарбиясы ден соолукту чыңдап дене түзүлүшүнө байланыштуу көнүгүүлөрдү жасап, зарыл кыймылдарды жасап ык машыгуулар аркылуу сергек жашоого болот. Балдардын физикалык жөндөмүн арттырууга багытталган иш аракеттер көрүлөт. Кеп байлыктар элибиздин рухий дөөлөттөрү катары бааланып балдарга керемет дүйнө тартуулайт. Бактылуу балалык кооз дүйнө менен тыгыз байланышта. Көркөм дүйнө, адеп -ахлак, моралдык баалуулуктар тууралуу кенен маалымат берип, тарбиядагы орчундуу орунду ээлейт деп айтабыз. Балдар жаратылыш менен таттуу мамиледе болуу, анын сыйкырдуу дүйнөсүн таанып билүүгө тарбиялоо табияттын тийзизген таасири. Жаратылыш балдар үчүн керемет дүйнө таанымын жана жан дүйнөсүнүн азыгын байытат. Жаратылышты, табиятты укмуш кооз экенин билип аны коргоого, сактоого аракеттенүүсү балдарга берген адеп-ахлак тарбиянын көрөңгөсү. Жаратылыштагы жаныбарлар, өсүмдүктөр, кооз гүлдөр, бак дарактар балдарга жарык маанай, кубаныч тартуулайт эмеспи. Ошол себептен улам жаратылыш, табият балдар жан дүйнөсүнө жакын сезилип турат. Адамдагы адеп-ахлактык сапаттар жаз кезинен баштап калыптанат. Балдардын өсүү процессинде адеп-ахлак тарбиясы моралдык жактан өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурулат.

Балдардын социалдык жактан өнүгүүсү жашоо абалынын өзгөчөлүктөрүнүн таасири. Балдарга адеп-ахлактык тарбия берүүдө социалдык камсыздандыруу эң таасирдүү экенине күбө болобуз. Баланын өсүп жетилүүсүнө социалдык абалдын өз орду бар. Баланын муктаждыктары жана алардын керектөөлөрү социалдык камсыздандырууга көз каранды. Ар дайым баланын коомго пайдалуу иштерди жасашы үчүн аларды толук кандуу жетилүүсү негизги ролду ойнойт жана негизги маселе катары бааланат.

Балдардын аң-сезими адеп-ахлактык тарбиясы менен байланышта экенин билебиз жана бүгүнкү актуалдуу маселенин бири [5].

Жыйынтыктап айтканда адамзаты кылым сересинде жашаганына байланыштуу адеп-ахлак тарбиясын жоготпой келет. Балага айтылган насаат, акыл тарбиясы алтындан дагы кымбат деп айтылганына күбө болуп жүрөбүз. Адам менен мамиле түзүүнүн сырларын үйрөнүүгө баарлашуу маданияты асыл ойлордун пайда болушу адеп-ахлакты, адептүүлүктү терең өздөштүрүп аларына шек жок. Залкар ойлор балдардын ой жүгүртүү чеберчилигин арттырып маданий, эстетикалык табитин өнүктүрөт. Сөз байланыш, баарлашуу маданияты моралдык руханий адептик тарбиянын өзөгүн түзөт. Баланын адептик жан дүйнөсүнүн байлыгы азыркы күндө алсыз болуп жаткандыгын себептеринин бири адептик раханий моралдык баалуулуктарды колдонуу эрежелеринин жетишсиздиги. Ал эми руханият баланын ички дүйнөсүнүн өнүгүшүнө адептүүлүк тарбиянын асыл максаттары чоң мааниге ээ. Элибиздеги салттык маданиятын өнүктүрүүгө багытталган чыгармачылык бул бүгүнкү күндүн ак-

туалдуу көйгөйлөрүнүн бири. Бул адеп-ахлакты сактап калуу салттык маданияттын ээлеген ордун баса белгилөө баалуулуктарды таанып-билүү.

Адабияттар:


1. Алимбеков Акматали. «Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы». - Бишкек, 2018.
2. Акматов К., Карамурзаева Т., Маматова А. «Адеп сабагы 5-класс». - Ош, 2004.
3. Кармышаков Аман. Адеп 6-класс. – Бишкек, 2010.
4. Алимбаева Б.Б., Мансапова Г.М. «Адептүүлүктүн башаты-татыктуу тарбия» 6-класс. - Бишкек, 2017.
5. Апыш Бекембай. «Тарбия жараяны». - Бишкек, 2008.
6. «Үй-бүлөдөгү мектепке чейинки бала тарбиясы» www/bizdin.kg.